**БЕКИТЕМ**
**ОшБИнин директору**
**__________Г.М.Турдубаева**
**«______»_________2025-жыл**

# “УЧУРДУН САНАРИП МУГАЛИМИ”
# СЫНАГЫНЫН ЖОБОСУ

**“Учурдун санарип мугалими”** сынагы Ош билим берүү институту тарабынан кесиптик чеберчилигин жогорулатуу максатында келген мугалимдер арасында өткөрүлөт.

**1.Сынактын багыты:**
- билим берүү жараянын уюштуруудагы жаңы технологияларды колдонуу;
- педагогикалык кызматкерлердин заман талабына ылайык социалдык желелерди активдүү колдонуусун арттыруу.

**2. Сынактын максаты:**
- облустун аймагында учурдун талабына жараша, жаңы технологияларды пайдаланып сабак өтө билген мугалимдердин санын көбөйтүү;
- заман талабына жараша өз чыгармачылыгын, ишмердүүлүгүн социалдык желелерде жыйылта алуусуна багыт берүү.

**3. Талапкерлерди көрсөтүүнүн тартиби:**
- сынакка жаңы технологияларды колдоно билүү мүмкүнчүлүгүнө карап тандалып алынган курс угуучулары катыша алат;
- сынакта талапкерлердин жаш куракtары жана педагогикалык стаждары чектелбейт;
- сынакка катышуу курс угуучунун өз каалоосунун гана негизинде жүргүзүлөт жана бир тайпадан бир гана мугалим/тарбиячы катыша алат.

**4. Сынакты өткөрүүнүн шарттары жана мөөнөттөрү;**

***Сынак 2 тур менен өткөрүлөт***

**1-тур**. Сынакка катышуучулар:
- алгач Ош билим берүү институтунун соцтармактардагы баракчаларына (Инстаграм: **@oshbilim** Фейсбук: Ош билим берүү институту) катталуусу;
- андан соң курстун жүрүшү боюнча ар кандай контент (текст, фото, видео ж.б.) даярдоосу, ошондой эле учурдагы педагогикалык багыттагы тренддерди тартуусу;
- даярдаган эмгектерин (жок дегенде эки күндө бир ирет) пост, ошондой эле сториске чыгарып, **@oshbilim** деп белгилеп, **#oshbilim** хештегин пайдалануусу;

Scanned with CamScanner

- чыгарылган постторунун шилтемесин ар кандай топторго бөлүшүп, жактыруу (лайк) чогултуусу зарыл.
- катышуучулар предметине/багытына жараша буга чейин түзүлгөн **Телеграм** тайпага курс учурундагы, ошондой эле багытына жараша маалыматтарды бөлүшөт. Телеграм тайпанын шилтемеси жана **QR** коду уюштуруучулар тарабынан берилет.
**-** ар бир курс жетекчи курс угуучулардын ичинен сынакка катышуучулардан бирөөсүн тандап алат, анын сынакка даярдануусуна жана катышуусуна мүмкүнчүлүк түзөт.
**2-тур.** Атайын түзүлгөн комиссия курамы курс жетекчилер тарабынан жактырып алынып сынакка катышкан катышуучуларга жаңы технологиялар багытындагы иштей билүү деңгээлине карап упай берет.

***Сынактын өтүү мөөнөтү:***
- курс мезгилинин 1-жумасы: кесиптик чеберчилигин жогорулатуу курсуна келген курс угуучуларынын арасынан тандалып алынат;
- курстун экинчи жумасынын **4-күнү** сынактын 2 (финалдык) туру ушул жобонун 5-пунктундагы мазмундун негизинде өтөт.

**5. Сынактын мазмуну:**

- катышуучунун курстагы активдүүлүгүнүн соцтармактарга жайылтуусу;
- текстти https://10fastfingers.com/typing-test/russian платформасында ылдам жаза билүүсү ;
- гугл почтасы (Gmail) менен ыкчам иштей билүүсү;
- санариптик сабаттуулук боюнча тестти белгилөөсү.

**6. Сынакты уюштуруу комитети:**
- Сынак Ош билим берүү институтунун инновациялык процесстерди уюштуруу жана башкаруу кабинети тарабынан жүргүзүлөт жана талапкердин укуктары корголот.

**7. Сынактын калыстары:** эксперттик кеңештин курамы Ош билим берүү институнун адистеринен бардык тур үчүн 3 (үч) адамдан турган курамда түзүлөт.

**8. Жеңүүчүлөрдү аныктоо жана сыйлоо:**
- комиссия мүчөлөрүнүн жыйынтык упайларынын суммасы боюнча эң жогорку упай топтогон талапкерлер 1-2-3-орундарга татыктуу деп табылат.
- сынакта жеңүүчү деп табылган курс угуучулары Ош билим берүү институтунун **Грамотасы** менен сыйланат.

Scanned with CamScanner